И.Арабаев атындагы КМУнун жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окмуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинин эксперти, п.и.к., профессор Т.Т.Иманалиевдин изденүүчү А.Р.Батировдун «Мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык негиздери» деген темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы боюнча

К О Р У Т У Н Д У С У

Эксперт изденүүчү Батиров Азизбек Рузибаевичтин педагогика илимдеринин кандидаты окмуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык негиздери» деген темадагы диссертациялык ишин карап чыгып төмөндөгүдөй чечимге келди.

1. Диссертацияны коргоого кабыл алуучу диссертациялык кеңештин укугу боюнча адистикке иштин дал келиши.

А.Р.Батиров тарабынан жазылып, сунушталган диссертация Д 13.23.662 диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Иштин мазмуну 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигинин паспортуна жооп берет. Иштин негизги натыйжалары мектеп окуучуларын патриоттуулукка тарбиялоодо фольклордук чыгармалардын өзгөчөлүктөрүн, патриоттук тарбиялоонун идеяларын, патриоттуулукка тарбиялоонун ыкмаларын, принциптерин жана жолдорун, башкача айтканда, жалпы моделин жана шарттарын аныктайт.

2. Иштин максаты: мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттарын, моделин иштеп чыгуу жана эксперимент аркылуу текшерүү деп коюлган жана ал максатты ишке ашыруу үчүн изилдөөнун алдында төмөнкү милдеттер белгиленген:

1. Фольклордук чыгармалардын элдик педагогикалык баалуулук экендигин, алардын азыркы ааламдашуу доорундагы таалим-тарбиялык функциясын аныктоону терендетүү жана теманын изилденишине, методологиялык таянычтарына обзор берүү.

2.Патриоттук тарбиялоодо кыргыз элинин фольклордук мурастарынын зарылдыгын жана мүмкүнчүлүгүн аныктоо.

3. Мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун шарттарын, моделин иштеп чыгуу жана эксперимент аркылуу текшерүү.

Иштин максаты, милдеттери, биздин оюбузча, жетиштүү эле деңгээлде аныкталган. Жалпысынан, диссертациялык иштин темасы актуалдуу, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхына тийиштүү салым кошо алат деп эсептесе болот.

3. Илимий натыйжалар.

Диссертациялык иште төмөнкү натыйжалар көрсөтүлгөн:

Фольклордук чыгармалардын элдик педагогикалык баалуулук катары өзгөчөлүктөрү конкреттештирилди (1-натыйжа), фольклордук чыгармалардагы патриоттук тарбиялоо идеялары аныкталды жана алардын бүгүнкү күн үчүн керектүү делген базасы түзүлдү (2-натыйжа), кыргыз элинин оозэки мурастары аркылуу мектеп окуучуларын патриоттуулукка тарбиялоонун ыкмалары, принциптери жана жолдору, б.а., жалпы модели жана шарттары иштелип чыгарылды (3-натыйжа), иштелип чыккан моделдин жана шарттардын, технологиялардын бүгүнкү мектеп практикасы үчүн жарамдуулугу педагогикалык тажрыйба аркылуу сынактан өткөрүлдү.

Биздин оюбузча, изилдөөлөрдөн алынган натыйжалар ынанымдуу жана илимий багытта жетишээрлик баалуулукка ээ.

3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу максатында изденүүчү 306 аталыштагы адабият булактарды изилдеп жана талкуулап, илимий-теориялык жоболорго таянып жана аларды негиздүү колдонуп, топтолгон материалдарды жетиштүү деңгээлде интерпретациялоого жетише алган.

3.3. Диссертациялык иштин жетиштүү деңгээлдеги теориялык жана практикалык мааниси бар, анткени, изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган педагогикалык шарттар, теориялык модель, изилдөөнун негизги материалдары мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалар аркылуу патриоттуулукка тарбиялоону мындан аары өркүндөтүүгө негиз болот.

3.4. Квалификациялык белгилерге дал келиши. Диссертациялык иш мунөзү боюнча илимий өңүттө негиздүү жоболорду камтыйт, жаңылыгы боюнча алынган натыйжалар жаңы жана баалуу, тармактын алкагында колдонууга жарайт.

4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.

Изденүүчу тарабынан аныкталган педагогикалык шарттар, теориялык модель, изилдөөнүн негизги материалдары мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалар аркылуу патриоттуулукка тарбиялоону мындан аары өркүндөтүүгө

негиз болуп, аларды мугалимдер жана тарбиячылар өз ишмердүүлүгүндө колдоно алышат, жана ошондой эле, жогорку окуу жайлардын педагогикалык багыттагы факультеттеринде болочок мугалимдерди даярдоодо окуу программасын, методикалык колдонмолорду өркүндөтүп иштеп чыгууда пайдаланууга болот.

5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.

Авторефераттын мазмуну негизинен диссертациянын мазмунуна дал келет, бирок, авторефераттын резюмесинде (кыргызча, орусча) берилген изилдөөнүн максаты диссертациядагыдан башкача редакцияда берилип калган. Авторефератта кыргыз, орус жана англис тилдеринде резюмелер бар.

6.Кемчиликтер:

6.1. Изилдөөнүн максатын кайрадан иштеп чыгуу зарылчылыгы бар, себеби, изилдоонун 3-милдети сөзмө-сөз максатты кайталап жатат. Биздин оюбузча, изилдөөнүн максатын кененирээк, масштабдуу коюш талапка ылайыктуу болмок.

6.2. Алынган корутундуларды изилдөөнүн милдеттерине тууралап, конкреттештирип кайра иштеп чыгуу керек.

6.3. Диссертациянын 21-бетинде патриоттук тарбиянын методдору деп бир нече методдор корсотулгон, бирок, булардын баарысын эле метод деп эсептоого болобу?, мисалы, жасалгалоо иштери, патриоттук багыттагы иш чаралар ж.б. Патриоттук тарбиялоонун өзүнүн классикалык методдорун (мисалы, ынандыруу, мактоо, мажбурлоо ж.б.) көргөзсөңүз ынанымдуу болмок.

6.4. Диссертациянын 2-бапындагы изилдөөнүн методдору да тагыраак классификациялоону жана чечмелөөнү талап кылат.

6.5. Диссертациянын 40-бетинде «Жаны ордо» гезитинен күмөн санаткан статистикалык маалыматтар алынып көрсөтүлгөн, бирок, бул маалымат булагы колдонулунган адабияттардын тизмесине кирбей калган.

6.6. Диссертациянын 82-бетинде фольклордук чыгармалардын негизинде окуучулардын патриоттук сезимдерин калыптандыруунун модели берилген, бул моделге, биринчиден, изденүүчү тарабынан аныкталган педагогикалык шарттарды, экинчиден, моделдеги принциптер кайдан алынганы белгисиз, ошол эле учурда, изденүүчү көрсөткөн диссертациянын 21-бетиндеги патриоттук тарбияны ишке ийгиликтүү ашыруунун принциптери, же изденүүчү өзү оптималдуу деп жетекчиликке алууга сунуштаган беш принципти (85-б.) моделге кошсо туура эле болмок.

6.7. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча практикалык сунуштарды конкреттештирип, 4-бөлүкчөнү негиз кылып, андан да кеңейтип (кайсыл теориялык ойлор жана сунуштар конкреттүү) иштеп чыксаңыздар талапка ылайык болмок.

7. Сунуштар. Жогорудагы көрсөтүлгөн кемчиликтердин үстүндө иштеп, карап чыгып, мүмкүн болушунча оңдоп чыксанар иштин баалуулугу мындан да көтөрүлөт.

8. Кабыл алуу боюнча сунуштар. Көрсөтүлгөн кемчиликтер принципиалдуу мааниге ээ эмес, оңдоп-түзөө чоң маселени жаратпайт жана ошондон улам ишти алдын ала коргоого кабыл алууга болот деп эсептейм.

9. Бүтүм. А.Р.Батировдун «Мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык негиздери» деген темадагы диссертациялык иши 13.00.01-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окмуштуулук даражасын изденип алуу үчүн өз алдынча аткарылган илимий-квалификациялык иш катары эсептөөгө жарайт жана жаңы илимий натыйжаларды камтыйт. Изденүүчүнүн жеке салымы, ага таандык идея жана аналитикалык ырастоолор негизинен жетиштүү жана педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алууга татыктуу.

10. Диссертациялык кенештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып И.Арабаев атындагы КМУга жана Кыргыз билим беруу академиясына караштуу Д 13.23.662 диссертациялык кенешине 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окмуштуулук даражасын изденип алуу учун А.Р.Батировдун «Мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык негиздери» деген темадагы диссертациялык ишин алдын ала коргоого сунуштайм.

Б.Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик
дене тарбия жана спорт академиясынын дене
тарбия жана спорттун теориясы жана методикасы
кафедрасынын профессору, п.и.к. Т.Т.Иманалиев

Т.Т.Иманалиевдин койгон кол белгисин тастыктайм.

Диссертациялык кенештин окмуштуу катчысы ,
п.и.к., доцент А.О.Абдыкапарова

КАДРЛАР БӨЛҮМУ
ОТДЕЛ КАДРОВ
И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ имени И. АРАБАЕВА
08.01.2025
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ